| | | |
|---|---|---|
| | ***Q-2025-0001***<br>(документтин шифри) | Ош мамлекеттик университети |
| | ***8***<br>(беттин саны) | **САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** |
| | ***2025.31.01***<br>(бекитилген датасы) | **ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков_______
2025-ж. “____” ___________

**ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ**

# ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Ош, 2025**

# ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Дисциплинанын окуу-усулдук комплекси жөнүндө жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | Ош мамлекеттик университетинин «Дисциплинанын окуу-методикалык комплекси» жөнүндө № 19 бюллетенине 2025-жылдын 31-январында ОшМУнун Административдик кеңешинде № 15 протоколунун чечими менен кабыл алынган өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилди. |
| Документтин шифри | *Q-2025-0001 2025-31.01* |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул окуу-усулдук комплекстин түзүмүнө жана мазмунуна талаптарды аныктайт, аны иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартибин белгилейт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелет. |

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1 |
| Ченемдик документтердин паспорту | 2 |
| Шарттуу кыскартуулар | 2 |
| 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 2. ОУКтун түзүмү жана анын мазмунуна талаптар | 3 |
| 3. ОУКту иштеп чыгуу | 5 |
| 4. ОУКтун бекитилиши | 6 |
| 5. ОУКту өзгөртүү | 6 |
| 6. ОУКтун жеткиликтүүлүгү | 6 |
| 7. 1-тиркеме. Дисциплинанын аннотациясынын үлгүсү | 6 |
| 8. 2-тиркеме. Окутуучунун анкетасынын үлгүсү | 7 |


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети
ОУК – окуу-усулдук комплекс
ЖКББ – жогорку кесиптик билим берүү
ОКББ – орто кесиптик билим берүү
КР – Кыргыз Республикасы
СӨАИ – студенттин өз алдынча иши
НББП – негизги билим берүү программасы
БКФ – баалоо каражаттарынын фонду
ОУМ – окуу-усулдук материалдар
MyEdu – электрондук система

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо төмөнкү укуктук ченемдик документтерге ылайык иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Ош мамлекеттик университети” 2024-жылдын 9-апрелиндеги №640/1 буйругу менен бекитилген Уставы.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты жана ички укуктук ченемдик актылары

**1.2.** Бул Жобо жогорку кесиптик билим берүүнүн (мындан ары – ЖКББ) жана орто кесиптик билим берүүнүн (мындан ары – ОКББ) негизги билим берүү программасынын (мындан ары – НББП) академиялык дисциплиналарынын окуу-усулдук комплексинин (мындан ары - ОУК) түзүмүнө жана мазмунуна карата талаптарды аныктайт жана аны иштеп чыгуунун, бекитүүнүн тартибин белгилейт.

**1.3.** ОУК окуу дисциплинасынын алкагында окутуунун бардык формалары (күндүзгү, кечки, сырттан) боюнча студенттердин компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандырууга көмөктөшүүчү окуу-усулдук материалдардын жыйындысы болуп саналат.

**1.4.** ОУКтун түзүмүнө сабактардын бардык түрлөрүн, студенттердин өз алдынча иштөөсүн, билим берүү технологияларын ишке ашырууну, окуу жетишкендиктеринин учурдагы, аралык текшерүүлөрүн жана жыйынтыктоочу сынактарды камсыз кылган окуу-усулдук документтер кирет.

**1.5**. Бул Жобонун талаптары ОшМУнун бардык түзүмдөрү үчүн бирдиктүү жана милдеттүү болуп саналат.

**1.6.** ОУКтун негизги маселелери:

- дисциплинанын НББПдагы ордун жана ролун так аныктоо;
- ушунун негизинде дисциплинанын окутуу максаттарын жана милдеттерин бекитүү жана тактоо;
- тиешелүү компетенцияларды калыптандырууга байланышкан илимдин, маданияттын жана коомдук практиканын башка тармактарынын заманбап жетишкендиктерин чагылдыруу;
- дисциплинардык жана дисциплиналар аралык логикалык байланыштарды ырааттуу ишке ашыруу, мазмунун координациялоо жана ЖКББ, ОКББнын НББПнын башка дисциплиналары менен изилденүүчү материалдын кайталанышын жоюу;
- убакыт ченемдерин курстун бөлүмдөрү жана сабактардын түрлөрү боюнча рационалдуу бөлүштүрүү;
- окуу материалын аудиториялык сабактарга жана студенттердин өз алдынча иштерине карай бөлүштүрүү;
- өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн убакытты сарамжалдуу пайдаланууну эске алуу менен студенттердин өз алдынча иштерин пландаштыруу жана уюштуруу;
- билим берүү процессине алдыңкы окутуу технологияларын киргизүү;
- дисциплинаны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон окуу-усулдук, илимий жана башка адабияттардын тизмесин аныктоо жана библиография түзүү;
- студенттердин окуудагы жетишкендиктерине үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнүн жана аралык аттестациялоонун оптималдуу системасын аныктоо.

## 2. ОУКтун түзүмүнө жана мазмунуна карата талаптар

**2.1.** Дисциплинанын окуу-усулдук комплексинин типтүү түзүмү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- дисциплинанын аннотациясы;

- окутуучунун анкетасы;
- ички-тышкы рецензия;
- окутуу программасы (Syllabus);
- баалоо каражаттарынын фонду;
- студенттер үчүн өз алдынча иштөөнү уюштуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр;
- глоссарий;
- окуу-усулдук материалдар.

**2.1.1. Дисциплинанын аннотациясы** – дисциплинанын НББПсындагы статусун (базалык же вариативдик бөлүккө кириши, милдеттүү же элективдүү, жалпы кесиптик же атайын ж.б.), белгилүү бир багыт боюнча окутуу системасындагы дисциплинанын ордун, аны ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон баштапкы даярдыкка коюлуучу талаптарды, дисциплинанын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын, окутуунун натыйжасында студент ээ болуучу кесиптик компетенциялардын тизмесин көрсөткөн түшүнүк кат (1-тиркеме).

**2.1.2. Окутуучунун анкетасы** – окутуучу тууралуу маалымат берилет. (2-тиркеме)

**2.1.3. Рецензия -** окуу-усулдук комплекстин мазмунуна сын-пикирлерди жана талдоолорду камтыган документ. Ал тиешелүү квалификациядагы адистер – илимдин кандидаттары, докторлору же иш берүүчүлөр тарабынан берилет. Рецензиянын негизги максаты – окуу-усулдук комплекстин сапатын, актуалдуулугун, билим берүү стандарттарына шайкештигин жана өндүрүш менен байланыштуулугун баалоо. Ички рецензия – ОУКка бүтүрүүчү кафедра же постреквизиттеги дисциплиналар тарабынан берилген пикир. Рецензенттин квалификациясы окуу-усулдук комплекси каралып жаткан түзүүчүнүн квалификациясынан төмөн болбошу керек. Тышкы рецензия – бул ОУКка башка ЖОЖдун окутуучусу же иш берүүчү тарабынан берилген пикир. Мында да рецензенттин квалификациясы окуу-усулдук комплекси каралып жаткан түзүүчүлөрдүн квалификациясынан төмөн болбошу керек.

**2.1.4. Окутуу программасы (Syllabus)** төмөнкүлөрдү камтыйт: дисциплинанын календарлык-тематикалык планы – курстун бардык темаларын жана окуу планы боюнча сабактардын түрлөрү (лекциялар, семинарлар, лабораториялык (практикалык) сабактар, консультациялар, өз алдынча иштер) боюнча бөлүнгөн сааттардын санын, учурдагы текшерүүлөрдүн жана аралык аттестациялоонун формаларын, окуу ресурстарынын тизмесин, мөөнөтү, упайы жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт.
https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734320239Sillabus_zhobo_akyrky.pdf

**2.1.5. Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ)** – бул багыттар/адистиктер жана окутуу профилдери боюнча билим берүүнү өнүктүрүүдө окутуунун натыйжаларынын сапатын жана студенттердин компетенцияларынын калыптануу деңгээлин аныктоого багытталган баалоо каражаттарынын, текшерилип, өлчөп-ченелүүчү усулдук материалдардын жыйындысы. https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734320239BKF_zhobo_akyrky.pdf

**2.1.6. Глоссарий** (сөздүк) - мазмуну түшүндүрмөнү талап кылуучу негизги аныктамалардын, терминдердин жана түшүнүктөрдүн тизмеси.
**2.1.7. Өз алдынча иш** – бул студенттердин сабакта жана сабактан тышкаркы убакта окутуучунун усулдук жетекчилиги жана анын түздөн-түз катышуусуз аткарыла турган окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө иштери.
https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734595575SOAI_zhobo_akyrkysy.pdf
**2.1.8. Окуу-усулдук материалдар (ОУМ):**

**Лекциялык курс боюнча ОУМдун** курамына төмөнкүлөр кирет:

- лекциялардын басма жана электрондук түрүндөгү тезистери (схемалар, презентациялар);
- кафедранын окутуучулары тарабынан иштелип чыккан окуу китептери;
- лекциялардын ар бир темалары (окуу дисциплинасынын бөлүмдөрү) боюнча студенттердин өзүн-өзү текшерүүсү үчүн тесттер жана компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар.

**Семинардык (практикалык) сабактар боюнча ОУМдун** курамына студенттерге семинардык (практикалык) сабактардын ар бир темасы боюнча берилген тапшырмаларды аткаруунун жолдорун түшүндүрүүчү кыскача окуу-усулдук материалдар жана сабактардын иштелмелери кирет.

**Лабораториялык сабактар боюнча ОУМдун** курамына төмөнкүлөр кирет:

- лабораториялык иштерди аткарууга карата көрсөтмөлөр жана теориялык жоболор;
- лабораториялык сабактарга даярдык жана аны өткөрүүгө байланышкан усулдук маселелер;
- студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн методикасы;
- студенттин жумуш ордун уюштуруу, техникалык коопсуздук эрежелерди жана санитардык нормаларды сактоо боюнча сунуштар.

**2.2. Дисциплинаны үйрөнүү боюнча студенттер үчүн методикалык сунуштар**

*Методикалык сунуштардын мазмуну, эреже катары, төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт:*

- дисциплинаны үйрөнүүгө зарыл болгон убакытты пландаштыруу жана уюштуруу боюнча кеңештер;
- дисциплинаны өз алдынча үйрөнүүдө теманын үстүндө иштөө процессиндеги студенттин ар бир этаптагы иш-аракетинин сүрөттөлүшү;
- теориялык материалды өз алдынча үйрөнүү жана практикалык иштерди аткаруу боюнча сунуштар. Бул бөлүмдө студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун, жүргүзүүнүн жана текшерүүнүн бир топ натыйжалуу формалары кыскача, так мүнөздөлөт.
  https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21734595575SOAI_zhobo_akyrkysy.pdf

  ОУКтун материалдарын пайдалануу боюнча сунуштар;
- адабияттар менен иштөө боюнча сунуштар;
- модулга даярдануу боюнча кеңештер;
- курстун тесттик системасы менен иштөө боюнча, үй тапшырмаларын аткаруу боюнча түшүндүрмөлөр;
- практикалык жана лабораториялык иштерди жасалгалоо боюнча көрсөтмөлөр (зарыл болгон учурда);
- текшерүү иштерин, рефераттарды, докладдарды, эсселерди ж.б. даярдоо боюнча сунуштар.

https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21732611015metod_instruk._poSRSP_(kyrg,_russ).pdf

## 3. ОУКту иштеп чыгуу

**3.1.** Окуу-усулдук комплекс окуу планынын ар бир дисциплинасы үчүн тиешелүү адистикке (багытка) карата иштелип чыгат.

**3.2.** ОУКту иштеп чыгуу үчүн жоопкерчилик дисциплинаны окутууга жооптуу кафедрага жүктөлөт. ОУКту окутуучулар жамааты иштеп чыгып, аткарылышы кафедра башчысы тарабынан көзөмөлдөнөт.

**3.3.** ОУКту иштеп чыгууга байланыштуу иштер MyEdu тутумуна киргизилет жана ПО курамдын жылдык рейтингинде эске алынат.

**4. ОУКтун бекитилиши**

**4.1.** ОУКту түзүүчү автор же окутуучулар жамаатынын аты-жөнү жазылып, колдору коюлат.

**4.2.** ОУК кафедранын жыйынында талкууланып, түзүмдүн окуу-методикалык кеңешинин кароосуна берилет. Кароонун жүрүшүндө ОУКтун мазмунунун, ошондой эле ЖКББ жана ОКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, НББПнын талаптарына шайкештиги каралат.

**4.3.** ОУК түзүмдүн окуу-методикалык кеңешинин төрагасы менен макулдашып, кафедра башчысы тарабынан бекитилет.

**4.4.** Бекитилген ОУК НББПнын документтерине киргизилет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**5. ОУКту өзгөртүү**

**5.1.** ОУКка зарыл болгон учурда өзгөртүүлөр киргизилет.
**5.2.** Өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн себептери болуп төмөнкүлөр саналат:

- адистиктин ушул чөйрөсүндө ЖКББ жана ОКББнын Мамлекеттик стандарттарына жана башка ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- ЖКББ жана ОКББнын жалпы билим берүү программасын жаңылоо, анын ичинде окуу планын оңдоо;
- илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшү;
- жаңы окуу ресурстарын кошуу жана басып чыгаруу;
- башка себептер.

**6. ОУКтун жеткиликтүүлүгү**

**6.1.** ОУК кагазда же электрондук түрдө ЖКББ программасынын документтеринде жана бул дисциплинаны окутуу дайындалган кафедрада сакталат.

**6.2.** ОУКтун электрондук версиясы MyEdu системасына жайгаштырылат.

**1-тиркеме**

**Дисциплинанын аннотациясы**

| | |
|---|---|
| Дисциплинанын коду | |
| Дисциплинанын аталышы | |
| Дисциплинанын көлөмү кредиттик бирдик менен | |
| Окуу жылы, семестри | |
| Дисциплинанын максаты | |
| Дисциплинанын пререквизиттери | |
| Дисциплинанын постреквизиттери | |
| Дисциплинанын со-реквизиттери | |
| Курстун НББПдагы орду жана калыптандыруучу компетенциялары | |
| Дисциплинаны окутуунун натыйжалары | |
| Баалоо каражаттары | |
| 2-3 негизги окуу китептерин көрсөтүү менен колдонулган адабияттардын саны | |
| Дисциплинанын кыскача мазмуну | |
| Окутуучунун аты-жөнү | |

**2-тиркеме**

**Окутуучунун анкетасы**

| | |
|---|---|
| Окутуучунун аты-жөнү | |
| Дисциплинанын аталышы | |
| Кызматы жана наамы | |
| Базалык билими | |
| Башка мекемелерде айкалыштырып иштөөсү | |
| Предметтик жана ага байланыштуу тармактардагы академиялык же өндүрүштүк | |

| | |
|---|---|
| тажрыйбасы | |
| Коомдук иштери | |
| Предметтик жана ага байланыштуу тармактардагы илим-изилдөө ишмердүүлүгү | |
| Илимий жана кесиптик коомчулуктагы мүчөлүгү | |
| Жарык көргөн эмгектери (акыркы 3 жылдагы) | |
| Сыйлыктары | |
| Квалификациясын жогорулатуусу(акыркы 3 жылдагы) | |

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

1. Окуу иштери боюнча проректор : Арапбаев Р.Н.
2. Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор: Молдояров У.Д.
3. Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору: Мамажакып уулу Ч.
4. Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги: Папиева Т.М.
5. Укук иштери боюнча бөлүм башчы: Айдарбекова Ж.А.